# Аскер уулу Нурлан атындагы орто мектебиндеги

## 2021-2022-окуу жылында

### *№ 6 педагогикалык кеңешмесинин протоколу*

**26.03.2022-жыл** **Орто-Суу айылы**

Чогулуштун төрайымы: Акматалиева Н.К.
Катчысы: Койчукенова Ч.К.
Катышкандар: 16 мугалим


**Каралуучу маселелер**

1. III чейректин жыйынтыгы билим сапатынын мониторинги, анализ, милдеттер.
2. Предмет мугалимдердин 11-классты ОРТга даярдоосу
3. Мектепте номенклатуралык иш кагаздардын талапка ылайык жүргүзүлүшү.
4. Ар кандай маселелер.

Угулду: Педагогикалык кеңешмени мектептин директору Акматалиева Нуриза Кенжебековна ачып, күн тартиби менен тааныштырып III чейректин жыйынтыгы жөнүндө маалымат берүүнү окуу бөлүмүнүн башчысы Бейзееевага тапшырды.
Бейзеева өз сөзүндө төмөнкүлөргө токтолду:
2021-2022-окуу жылынын январь-март айларында мектепте төмөнкү окуу-тарбия иштери аткарылды. Чейрек ичинде ар бир жум анывн шаршемби күндөрү өндүрүштүк кеңешме өткөрүлүп, кеңешмеде мектептин иш планында көрсөтүлгөн иштер каралып, мугалимдер райондон келген буйруктар, иш-кагаздар менен тааныштырылып турду.
III чейректин башында окуучулардын жалпы саны – 193 окуучу болгон.
III чейректин жыйынтыгы боюнча 198 болду.
Анын ичинен: 1-4-класстар 4 класс комплект, 63 окуучу, 33 кыз бала;
5-9-классар – 5 класс комплект , 108 окуучу, 51 кыз бала;
10-11-класстар – 2 класс комплект , 27 окуучу, 12 кыз бала.
Мектеп боюнча кыздардын саны – 97, эркек балдар – 101.
Аттестацияланганы - 180 окуучу, аттестацияланбаганы 1-класс – 13 окуучу.
III чейрек ичинде, келгендердин саны 1-11-класстар арасында - 6 окуучу
Кетти - 1 окуучу.

**Билим** сапаты III чейректин жыйынтыгы боюнча билим сапатынын **көрсөт**күчтөрү:

| Отчет | 1-чейрек | 2-чейрек | 3-чейрек | Динамика |
|---|---|---|---|---|
| Башталгыч класстар | 53,8 | 55,6 | 52,4 | -3,2 |
| Ортоңку класстар | 32 | 33,6 | 38,6 | 5 |
| Жогорку класстар | 41,4 | 46 | 49,1 | 3,1 |
| Жалпы мектеп боюнча | 42,4 | 45 | 46,7 | 1,7 |
| Отличниктердин саны | 29 | 33 | 34 | 1 |
| Ударниктер | 35 | 32 | 44 | 12 |
| Резерв отличник | 2 | 1 | 2 | 1 |
| Резерв ударник | 8 | 11 | | |
| С одной «3» | 8 | 11 | 10 | 11 |
| Катышуусу | 98,2 | 98,5 | 97,8 | -1,3 |
| Окуучулардын саны | 199/94 | 193/92 | 198/97 | 5/5 |



Мектеп боюнча бир «3» бар окуучулардын тизмеси

| № | Окуучунун аты-жөнү | Классы | Предмети | Мугалимдин аты-жөнү | Эскертүү |
|---|---|---|---|---|---|
| 1 | Салаватов Нурсултан | 9 | Англис тили | Койчукенова Ч.К. | |
| 2 | Кенешова Сезим | 9 | Алгебра | Бекболотова К.Б. | |
| 3 | Тойгонбаева Ревекка | 7 | Орус тили | Шералиева В.Э. | |
| 4 | Жайлобеков Бекзат | 5 | Кырг.адаб. | Акматалиева Н.К. | |
| 5 | Турдукулова Медина | 4 | Англис тили | Каданбаева А.К. | |
| 6 | Тамаева Зулайка | 3 | Математика | Аманкулова А.М. | |
| 7 | Базаркулова Айсуулу | 3 | Кырг.тили | Аманкулова А.М. | |
| 8 | Болотбеков Нурдоолот | 3 | Кырг.тили | Аманкулова А.М. | |
| 9 | Джумакадырова А. | 2 | Математика | Бообекова Н.Ж. | |
| 10 | Мукамбетов А. | 2 | Кырг.тили | Бообекова Н.Ж. | |

**Резервде турган отличник окуучулардын тизмеси**

| № | Окуучунун аты-жөнү | Классы | Предмети | Мугалимдин аты-жөнү | Эскертүү |
|---|---|---|---|---|---|
| 1 | Данисланова Оелун | 5 | Кырг. адаб | Акматалиева Н.К. | |
| 2 | Орумбеков Байсал | 5 | Орус тили | Шералиева Н.К. | |
| 3 | Макенбаев Раатбек | 4 | Орус тили, англ.тили | Койчукенова Ч.К. Каданбаева А.К. | |
| 4 | Мамбетов Нурадил | 4 | Орус тили, англ. тили | Койчукенова Ч.К. Каданбаева А.К. | |

Аталган окуучулар, ата-энелери менен биргеликте түшүндүрүү иштери, класс жетекчилер, предметтик мугалимдери менен тиешелүү иштер аткарылып жатат. 2-чейректеги бир «3» бар окуучулар менен резервдеги окуучулар өз бааларын бул чейректе оңдошкон. Ал эми бул чейректе бардыгы башка жаңы окуучулар топтолгон. Чейректин ортосунда директор алдындагы кеңешмеде алдын-ала баалар текшерилип, мугалимдер жакындатылган бааларын чыгарып ата-энелерге салышкан. Бирок натыйжа чыккан жок.

**Билим** сапаты боюнча эң жогорку көрсөткүч:

**3-класс** IIчейрек б/с 61,1% жет: 100%
**IIIчейрек** б/с 52,6% жет: 100%

**6-класс** IIчейрек б/с 47% жет: 100%
**IIIчейрек** б/с 64,7% жет: 100%

**Билим** сапаты боюнча эң төмөнкү көрсөткүчтү көрсөткөн класс:
**7-класс** II чейрек б/с 36,6% жет: 100%
**III чейрек** б/с 30% жет: 100%

**9-класс** II чейрек б/с 22,7% жет: 100%
**III чейрек** б/с 22,7% жет: 100%

**Жарыш** сөзгө класс жетекчилери чыгып сүйлөштү.
**Жогору**дагы көрсөткүчтөр боюнча:

**6-класс**та бир "3" бар 3 окуучу бул чейректе бааларын оңдошкон. Ата-энелер балдарына жардам беришип, предмет мугалимдер окуучулар менен кошумча иштешти.

**7-класс**та Тойгонбаева Ревеккага орус тили сабагынан 3 чыгып калган. **Ошол** себептүү билим сапаты төмөндөп кеткен. Тиешелүү чаралар көрүлүп, **бир не**че ирет сүйлөшүүлөр жүргүзүлгөн.

**9-класс**та жалпысынан 22-окуучу окуйт, анын 10 кыз бала,13 эркек бала. **Класс**та 2 отличник, 3 ударник бар. Билим сапаты 22% түздү. Макишева **Асема** жана Эмилбеков Жангарачка адам жана коом сабагынан 3 чыккан. **Асема** сабакты ооруп калгандыгына байланыштуу көп калтырган. Ата-**энеле**рине маалымдалган жана түшүндүрүү иштер жүрүзүлгөн.

**Башта**лгыч классынын усулдук бирикмесиндеги 2-4-класстардын
**3-чей**рек боюнча мониторинги

- Бардыгы: 57 окуучу
- УБ.жетекчиси: Аманкулова А.М.
- Билим сапаты – 52.6% түзөт.

| **№** | **Предметтер** | **2 -класс** | **3 -класс** | **4 -класс** | **Жалпы билим деңг.** |
|---|---|---|---|---|---|
| 1 | Кыргыз тили | 69.2 | 61.1 | 56 | 62.1 |
| 2 | Адабий окуу | 69.2 | 83.3 | 75 | 75.8 |
| 3 | Орус тили | 69.2 | 77.8 | 56 | 67.6 |
| 5 | Математика | 69.2 | 72.2 | 75 | 72.1 |
| 6 | Англис тили | | 83.3 | 50 | 66.6 |
| 7 | Мекен таануу | 100 | 66.7 | 81 | 82.5 |
| 8 | Музыка | 100 | 77.8 | 88 | 88.6 |
| 9 | Дене тарбия | 100 | 100 | 100 | 100 |
| 10 | Сүрөт | 100 | 100 | 100 | 100 |
| | Жалпы билим деңгээли | 46.1 | 63.8 | 68.1 | 59.3 |




Башталгыч класстар боюнча III чейрекке карата жүргүзүлгөн иштердин анализи.

1-4-класстарында окуу процесси улантылып жатат. Сабактардын жүгүртмөсү, регламенти түзүлүп бардык мугалимдерге, окуучуларга берилген. Мугалимдер сабактарын регламент боюнча өз убагында өтүп жатышты. Кайтарым байланыш түзүлүп, текшерилип, баалар коюлуп, иш аракеттер жүрүп жатты. Күн сайын сабакка келбеген окуучулар жөнүндө маалымат алынып турду. Келбегендердин ата-энелери менен байланышып турушту.

Билим сапатынын жана жетишүүсүнүн мониторингин алып карасак, жогорку көрсөткүчтү көрсөткөн. 3-класста адабий окуу жана англис тили сабагынан, ал эми 4-класста математика, кыргыз тили сабактарынан баалар көтөрмөлөнүп коюлгандыгы байкалган. Себеби, билим үзүндүлөрүн алууда көрсөткүчтөр төмөн болгон.

3-класста бир 3 бар окуучулар Болотбеков Нурдөөлөт кыргыз тилинен, Базаркулова Айсулуу кыргыз тил жана Тамаева Зулайка математика сабагынан алышкан. Ата-энелери менен сүйлөшүү иштери жүргүзүлгөн.

Чейрек ичинде кыргыз тили, математика предметтеринен административдик жазуу иштери жана окуу тездиги алынган. Окуу тездиги 75% менен жогорку көрсөткүчтү бере алган. Кыргыз тилинен кол жазмаларынын үстүндө кошумча жазуу алып барылып, текшерүүдөн кийин чейрек аягында динамикасы 7,8ге төмөндөгөн. Математика сабагына окуучулар абдан кызыгышат. Окуучулар таблица, тесттер менен көп иштешти. 3-чейрек боюнча 6 отличник, 2 ударник жана эки окуучу,Макенбаев Раатбек , Мамбетов Нурадил англис тили жана орус тили предметтеринен 4 чыгып

калган. Англис тили предметинен кыйналышат. Ата-энеси менен түшүндүрүү иштер дайыма жүргүзүлүп турат.

2-класс боюнча окуучулардын билим сапаты – 46,1%, окуучунун саны -13. 5 кыз, 8 бала. Окуучулар жалпысынан активдүү. Тартиптери жакшы. Коомдук иштерге активдүү катышышат. Бир «3» бар Джумакадырова Айпери математика сабагынан, Мукамбетов Азим жазуу сабагынан. Сабакты начар өздөштүргөн окуучулардын ата-энеси менен мугалим тыгыз байланышта иш алып барып жатты. Окуу тездиги боюнча эң жакшы көрсөткүчтү берген. 72,3% ды түзгөн. Шар окуган окуучулар дээрлик басымдуулук кылат. 2 окуучу тамгалап окуйт. Жалпысынан класс жакшы.

1-класста 15 окуучу аяктады. Анын ичинен 6 кыз бала, 9 эркек бала. Чейрек аягында окуучулардын көпчүлүгү тамга таанып, муундап окуп калышты. Тамгаларды, сөздөрдү, сүйлөмдөрдү жазышат. Чоң-кичине барабардыктарды билишет.

Тамгаларды толук таанıбаган окуучулар :

1. Камурзаев Анвар
2. Исаева Насыйкат

Кошуу-кемитүүдө кыйналышат, каллиграфиясы начар.

Мугалимге бул окуучулар менен көбүрөөк кошумча иштерди алып баруу сунушталган.

480 сааттык мектепке даярдоо "Наристе" программасы боюнча окуган балдардын саны - 15. Мугалим балдар менен тыгыз байланышта иш алып барат. Балдар санап, ой-жүгүртүүсү өсүп, тамгаларды таанып жана мектепте өзүн кантип алып жүрүш экенин билип калышты.

Жогорудагылар боюнча мектеп директору: Акматалиева Н.К.

Билим сапаты боюнча балдардын билим деңгээлин көтөрүү керек. Сабактарда стратегияларды колдонуп, көрсөтмөлүү өткүлө. Сабакка катышуу, жетишүүгө ар бир предметтик мугалим жана класс жетекчи көзөмөлдү күчөткүлө. Чейректе бир «3» алган жана резервдеги окуучулар менен тынбай иштөө керек. Ата-энелерине айтып, иш жүргүзгүлө. Балдар сабак учурунда бош жүрүшпөсүн. НЦТдан орус тили сабагынан гана жакшы көрсөткүчтөр көрсөтүлүп, калган сабактар начар болуп жатат. Калган предметтер да окуучулар менен даярдыкты күчөткүлө.

**Жогорудагыларды угуп жана талкуулап, кеңешме бир добуштан**

**Токтом кылат:**

1. **3-чейректе жүргүзүлгөн окуу-тарбия иштери канааттандыраарлык деп табылсын;**

2. Окуучулардын билим сапатын көтөрүүнүн үстүндө предмет мугалимдер күчөтүлгөн тартипте иш алып барышсын;
3. Өзгөчөлөнгөн, таланттуу окуучулар менен жекече иштөө иши күчөтүлсүн;
4. Сабактардан бир «3» бар жана резервдеги окуучулар, ата-энелери менен чакырылсын, жоопкерчиликти ОТИ б.д.о.б. Ж.К.Бейзеевага жана ТИ уюштуруучусу А.Н.Айдаркуловага милдеттендирилсин жана класс жетекчилери жооптуу болушсун;
5. Чечимдин аткарылышын көзөмөлдөө директордун окуу тарбия иштери боюнча орун басары Бейзеева Жанарага жүктөлсүн.

**Педагогикалык кеңешменин төрайымы:** **Акматалиева Н.К.**

**Педагогикалык кеңешменин катчысы:** **Койчукенова Ч.К.**

**Күн тартибиндеги 2-маселе боюнча**

Окуучуларды ОРТга даярдоо боюнча предмет мугалимдер төмөндөгүлөргө токтолду. Класс жетекчи Шералиева В.Э. сүйлөдү:

11-класста 12 окуучу ОРТга катталышкан. Бир окуучум Шабданбеков Жайнак Бишкекте окуу курсуна катышып жатат. Ата-энелер менен биргеликте чогулуш өткөрүлгөн. Калган окуучуларыбыз орус тили, кыргыз тили, биология предметтеринен даярданып жатышат.

Жарыш сөзгө тарых мугалими Айдаркулова А.Н. чыгып, тарых сабагынан окуучулар толук келбей жаткандыгын айтты. Шейшенкулов Манат менен гана даярданып жатам, көзөмөлгө алып койсоңор деп класс жетекчисине жана окуу бөлүм башчысына кайрылды.

**Жогорудагыларды угуп жана талкуулап, кеңешме бир добуштан**

**Токтом кылат:**

1. 11-класстын окуучуларынын ОРТга даярдоо иштери күчөтүлсүн;
2. ОРТга даярдоо иштери предмет мугалимдерге, класс жетекчилерге милдеттендирилсин;
3. Көзөмөл жүргүзүү директордун окуу тарбия иштери боюнча орун басары Бейзеева Жанарага милдеттендирилсин.

**Педагогикалык кеңешменин төрайымы:** **Акматалиева Н.К.**

**Педагогикалык кеңешменин катчысы:** **Койчукенова Ч.К.**

**Күн тартибиндеги 3-маселе**

Иш-кагаздардын талапка ылайык жүргүзүлүшү боюнча директор төмөнкүлөргө токтолду:

Райондук семинар өткөрүлүп, түшүндүрүү иштери жүргүзүлгөн. Мектептин документтеринин номенклатурасы 3 жылга райондун башкы адиси Э.Абдыкапаровна тарабынан бекитилген. Окуу тарбия иштери, социалдык педагог, профсоюз уюмдары жана китепканачыларга берилген. Ал жерде канча жылга сакталышы керектиги жана беренелери жазылган. Бардыгыңыздар дагы бир жолу толуктап карап чыксаңыздар. Өзгөчө иштердин номенклатурасы 01 ден башталат.

02 окуу тарбия иштеринин, соц.педагогдун кагаздары
03 кадрдык ишмердүүлүк
04 бухгалтердик
05 чарба иштери
06 медицина жаатында
07 китепкана
08 профсоюз уюмунун кагаздары

Мына ушул иштердин номенклатурасын иретке келтирүүбүз керек.

Жарыш сөзгө мектептин окуу бөлүм башчысы Бейзеева Жанара чыкты. Ал өз сөзүндө номенклатуралык иш кагаздар боюнча иштөөнү туура алып баруу керектигин айтып өттү.

**Жогорудагыларды угуп жана талкуулап, кеңешме бир добуштан**

**Токтом кылат:**

1. Администрация мүчөлөрү номенклатуралык иш кагаздарды тез аранын ичинде иретке келтиришсин.;
2. Жогорудагыларды көзөмөлдөөнү өзүмө жүктөймүн.

**Педагогикалык кеңешменин төрайымы:** **Акматалиева Н.К.**

**Педагогикалык кеңешменин катчысы:** **Койчукенова Ч.К.**